**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ Кл-146 «25» 11 2022

Сизд.чыг. (На) №__________ «_____» _________20___

**Талас облусунун Манас районунун**
**Талас айылынын тургуну**
**С. Болокбаевге,**
**Талас облусунун Манас районунун**
**Манас айылынын жашоочуларына**

Сиздердин 2022-жылдын 23-ноябрындагы (кир. №Кл-146) кайрылууңуздарды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдиребиз.

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча шайлоо округдарынын схемасын, чек араларын карайт жана бекитет. Тиешелүү аймакта катталган шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтардын негизинде шайлоо округдары түзүлөт. Шайлоо округдарын түзүүдө төмөнкүдөй талаптар сакталууга тийиш:

1) шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен 10 пайыздан ашпаган, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 15 пайыздан ашпаган жол берилген орточо ченеминен четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлиги;

2) шайлоо округу бирдиктүү аймакты түзөт, бири-бири менен чектешпеген шайлоо округдарында шайлоо округун түзүүгө жол берилбейт.

Ушул эле Мыйзамдын 10-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда ушул Мыйзамда белгиленген жоболорду эске алуу менен добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгат жана аларды бекитүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына киргизет.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын талаптарынын негизинде 2021-жылдын 11-апрелинде өткөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо Талас облусунун Манас районунун 11 мандаттуу Кыргызстан айылдык кеңешинде эки шайлоо округу түзүлгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын талаптарынын негизинде жана мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилбестен, 5 мандаттуу №1 **Көк-Дөбө** шайлоо округунда (УШК №6019,6020) шайлоочулардын саны 1259ду түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми **9** пайыз, 6 мандаттуу №2 **Талас** округунда (УШК №6021) шайлоочуларынын саны 1791ди түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми **8** пайыз болуп, 2 шайлоо округу түзүлүп бекитилген.

Сиздердин кайрылууда көрсөтүлгөндөй, Көк-Дөбө айылына 3 мандат, ал эми Манас айылына 2 мандат бөлүнүүдө: №1 **Көк-Дөбө** шайлоо округунда шайлоочулардын саны 802 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми **4** пайыз, №2 Манас шайлоо округунда шайлоочулардын саны 457 адамды түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми **17** пайыз болот.

Ошону менен бирге ушул эле Мыйзамга ылайык, шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен 10 пайыздан (-17%) ашып кеткенине байланыштуу, эки айыл 5 мандаттуу бир округга (+9%) бириктирилген.

Жогоруда аталган мыйзамдын талаптарына ылайык, Кыргызстан айылдык кеңешинин депутаттарынын кийинки шайлоосуна шайлоо округдарын түзүүдө Сиздердин сунуш карала тургандыгын билдиребиз.

**Төраганын орун басары** **Т. Шайназаров**

Атк.: Б.Мамбетов, 660118